**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистиги: 070109 Музыкалык эстрада искусствосу (түрлөрү боюнча)**

**Квалификация: артист, эстрадалык топтун жетекчиси**

**Бишкек 2022**

## Глава 1. Жалпы мазмуну

1.1. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана искусство тармагы боюнча “Билим берүү” Мыйзамдары жана башка нормативдик укуктук актыларына туура келген бул орто кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты, (ОКББ МББС) 070109 – “Музыкалык эстрада искусствосу” (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча, М. Күрөңкеев атындагы Кыргыз мамлекеттик музыкалык окуу жайынын методикалык Кеңеши тарабынан иштелип чыккан.

2. Бул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгүдөй түшүнүктөр колдонулат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы –** окуу-методикалык документацияларынын жыйындысы, регламенттик максаты, күтүлүүчү натыйжалар, тийиштүү адисттик боюнча билим берүү процессинин мазмунун жана уюштурууну ишке ашыруу;

- **окуу тартиптеринин цикли** – окутуунун жана тарбия берүүнүн коюлган максаттарга жана натыйжалары боюнча бир бүтүндүү ойго ээ болгон, билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу тартиптеринин жыйындысы;

- **модуль** – окутуунун жана тарбия берүүнүн коюлган максаттары жана натыйжалары боюнча бир бүтүндүү ойго ээ болгон окуу тартибинин бир бөлүгү;

- **аттестация** – бул студенттердин программалык материалдары, окуу программасынын талаптары менен, 5 баллдык система боюнча тийиштүү бааларда бааланган, алардын билим деңгээлин салыштыруу жолу менен окуп-өздөштүрүүсүн коюу. Аралык аттестация 1-курстан 4-курска чейин ар бир жарым жылдыгында бир жолудан жүргүзүлөт;

- **академиялык концерт** – бул аттестация/экзамен форма түрүндөгү жүргүзүлүүчү окуу процессинин жана окутуунун нормасы;

- **компетенция –** тийиштүү тармактагы кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүү сабагы үчүн керектүү болгон өздүк сапаттарынын, билиминин, шык-жөндөмдүүлүгүнүн динамикалык комбинациясы.

- **кредит** – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек көлөмүнүн шарттуу өлчөмү;

- **окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы/мудулу боюнча окутуунун натыйжасына ээ болуу компетенциясы;

- **кесиптик стандарт** – профессионалдык ишмердүүлүктүн конкреттүү түрүнүн алкагындагы ишмердүүлүгүнүн түрүнө карабастан, кандай гана мекеме болбосун, кызматчынын штатта орунду ээлөөгө укугу болушу үчүн, ал туура келүүгө милдеттүү болгон, анын талаптарын, мазмунун, сапатын жана кызматчынын квалификациялык сапаттык деңгээлин аныктаган негизги документ.

Бул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу, орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырган, мамлекеттик лицензияга ээ болгон,

алардын уюштуруучулук-укуктук нормаларына карабастан, бардык орто кесиптик окуу жайлары үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

Орто кесиптик билим берүүнүн бул стандартында, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Маданият жөнүндө” Мыйзамы жана эл аралык кесиптик билим берүү тармагындагы келишимдер менен туура келишүүсүнө ылайык кыскартылган терминдер жана аныктамалар колдонулат:

ОКББ – орто кесиптик билим берүү;

ОКОЖ – орто кесиптик окуу жайы;

ОКББ МББС – орто кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты;

НКББП – адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасы;

ОТЦ – окуу тартиптеринин цикли – билим берүү программасынын бөлүгү же белгилүү бир бүтүндүү жыйынтыкка ээ болгон окуу тартиптринин жыйындысы;

ЖК – жалпы компетенция;

КК – кесиптик компетенция;

МК – методикалык Кеңеш;

ОК – окутуучулар Кеңеши;

ОМБ – Окуу-методикалык Бирикме;

ОТАК – окуу тартип аралык курс;

БММ – балдар музыкалык мектеби;

БИМ – балдар искусство мектеби.

## Глава 2. Колдонуу тармагы

3. Кыргыз Республикасынын бул стандарты (мындан ары ОКББ МББС) 070109 – “Музыкалык эстрада искусствосу” (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча, НКББП иш жүзүнө ашырууда, нормалардын, талаптардын жана тартиптеринин жыйындысына ээ. Ал, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын территориясында, алардын уюштуруучулук укуктук формаларына көз каранды эмес, лицензияга же мамлекеттик аттестацияга ээ болгон, орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын балоо, окуу-методикалык, уюштуруучулук документацияларды иштеп чыгуу үчүн негиз катары эсептелет.

4. 070109 – “Музыкалык эстрада искусствосу” (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча ОКББ МББС негизги колдонуучулар :

- аталган адистиги боюнча НКББП иш жүзүнө ашыруу укугуна ээ болгон ОКББ мекемесинин администрация жана окутуучулар курамы;
- аталган адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүү менен, өзүнүн окуучулук ишмердүүлүгүн эффективдүү түрдө ишке ашырууга жоопкерчиликтүү студенттер;
- кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүндө, тийиштүү адистердин жана ишкерлердин бирикмеси;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана маданият тармагында, борбордук аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын тапшыруусу

боюнча, негизги билим берүү программаларынын иштелмелери менен камсыз кылуучу Окуу-методикалык Бирикмелери жана Кеңештери;

- орто кесиптик билим берүүнү каржылоо жагдайын камсыздандырган аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;

- орто кесиптик билим берүү тармагында, аккредитацияны жана сапаттуулукту көзөмөлдөөнү ишке ашырган, орто кесиптик билим берүү системасындагы мыйзам чыгарууну көзөмөлдөөнү камсыз кылган мамлекеттик органдарынын өкүлчүлүгү;

- билим берүү программаларын жана уюштуруулардын аккредитациясын ишке ашырган аккредитациялык агентство.

## Глава 3. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. 070109 – "Музыкалык эстрада искусствосу" (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү формасы – күндүзгү.

6. Күндүзгү окутуу формасында, орто билим берүү жана жалпы билим берүү базасында, орто кесиптик билим берүү 070109 – "Музыкалык эстрада искусствосу" (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча, негизги кесиптик билим берүү программасын окуп-өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү 3 жыл 10 айды түзөт.

Маданият жана искусство тармактары үчүн, кадрларды даярдоону ишке ашырган билим берүү мекемелеринде, окуу сааттарынын жалпы көлөмү аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары тарабынан бекитилет, маданият, маалымат жана туризм тармагында, мамлекеттик саясатты өкүлчүлүгү жүргүзөт.

Бул билим берүү программасы боюнча даярдоого, абитуриенттерди кабыл алууда, билим берүү мекемеси чыгармачылык жана кесиптик багыттагы кирүү сынактарын жүргүзөт.

Окууга чыгармачыл жана кесиптик багыттагы кирүү сынактарынын тизмегине, абитуриентти аспапта аткаруучулук, жекече ырдоо жана музыкалык-теориялык ишмердүүлүк жагдайында даярдоонун деңгээлин аныктай турган чыгармачыл тапшырмалар киргизилет.

7. Орто кесиптик билим берүүнүн програмасына интегрирленген орто жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10-11-класстар) ишке ашырууда, орто жалпы билим берүү жөнүндөгү документи (аттестат) берилбейт. Ал эми, предметтер боюнча баалар орто кесиптик билим берүү жөнүндө документине (дипломго) коюлат.

8. Абитуриенттин окууга кирүүдө төмөндөгүдөй документтердин болушу керек:

- орто жалпы билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк;
- БММ же БИМ бүтүргөндүгү жөнүндө күбөлүк.

9. Кайра аттестациялоонун жыйынтыгы боюнча, жогорку кесиптик билим же орто кесиптик билим алууда, башка адистик боюнча студент тарабынан

өздөштүрүлгөн (өтүлгөн) кээ бир окуу тартиптери (модулдар) жана (же) кээ бир практикалары боюнча окуп-өздөштүрүүнүн жыйынтыктары толугу менен же бир бөлүмү боюнча эсептелет.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн башка нормативдик мөөнөтү өзүнчө нормативдик укуктук актылар менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасы боюнча ОКББ НКББП өздөштүрүү, бүтүндөй окуу жылынын ичиндеги жалпы эмгек көлөмү 120 кредиттен кем эмес болушу керек. Бир эле окуу семестринин эмгек көлөмү 30 кредиттен кем эмес (эки семестрдик уюштуруу окуу процессинде).

Бир кредит студенттин окуу иштеринин 30 саатына барабар (аудитордук, өз алдынча иштерди жана аттестациянын бардык түрлөрү).

11. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жагдайы, 070102 – "Аспаптык аткаруучулук" (аспаптардын түрлөрү боюнча) адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүүнүн программасынын максаты.

Окутуу жагдайында, 070109 – "Музыкалык эстрада искусствосу" адистиги боюнча ОКББ НКББП максатынан болуп, бүтүрүүчүгө тандап алган тармагы боюнча, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногунда туруктуулукка шыктандырган ишмердүүлүгүндө ийгиликтүү ишин арттырууга, универсалдуу жана предметтик-адистештирилген компетенцияга ээ болушуна мүмкүндүк берген билими эсептелет.

НКББП тарбия берүү жагдайында, студенттин социалдык-өздүк сапатын: максатка умтулуусун, уюштуруучулугун, эмгекти сүйүүсүн, жоопкерчилигин, коммуникабелдүүлүгүн, толеранттуулугун жана маданиятынын жогорку деңгээлине калыптандыруу эсептелет.

12. 070109 – "Музыкалык эстрада искусствосу" (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүк жактары:

- концерттерди жана башка сахналык иш-чараларды уюштуруу жана коюу;
- чыгармачыл коллективдери боюнча музыкалык жетектөө.

13. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик объектилеринен болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

- ар кандай мезгилдердеги жана стилдердеги музыкалык чыгармалар;
- музыкалык аспаптар (классикалык, элдик);
- чыгармачыл коллективдер;
- театрдын жана концерттик залдардын көрүүчүлөрү жана угуучулары;
- театрдык жана концерттик организациялар, маданият жана билим берүү мекемелери.
- театральные и концертные организации;
- учреждения культуры и образования.

14. 070109 – "Музыкалык эстрада искусствосу" (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчүлөр, кесиптик ишмердүүлүктүн кийинки түрлөрүнө даярдалган:

- музыкалык-аткаруучулук ишмердүүлүк (эстрадалык оркестрдин жана ансамблдин артисти, концерттик мекемелердин солист катары).

15. Кесиптик ишмердүүлүк маселелери:

070109 – “Музыкалык эстрада искусствосу” (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү, кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрүнө туура келген кесиптик маселелерди чечүүсү керек:

- музыкалык-аткаруучулук ишмердүүлүк (эстрадалык оркестрдин жана ансамблдин артисти, концерттик мекемелердин солист катары): музыкалык чыгармаларды концертте аткаруу, ар кандай модусах-соло программаларын концерттик деңгээлде аткаруу, музыкалык театрларда артист катары иштөө, угуучу аудиторияга музыкалык чыгарманын мазмунун жогорку көркөмдүктө аткаруу менен көрсөтүү;

-музыканы искусствонун бир түрү катары, көркөм табитте кабыл алууну жөндөө;

16. Орто кесиптик билим берүүнүн 070109 – “Музыкалык эстрада искусствосу” (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүнүн программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү даярдалган:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө;

- жогорку кесиптик билим берүүгө туура келген профилинин тездетилген программалары боюнча, негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө.

## Глава 4. НКББП ишке ашыруу шарттарына жалпы талаптар

17. МББС ылайык келүүсүнүн негизинде, адистик боюнча улуттук квалификациялардын алкагында, квалификациялардын жана кесиптик стандарттардын тармактык/секторалдык алкагында (бар болсо), орто кеиптик билим берүүнүн программасын ишке ашыруучу билим берүү мекемелери, НКББП өз алдынча иштеп чыгат.

Билим берүү программасын ишке ашырган орто кесиптик билим берүү, негизги кесиптик билим берүү программасын, билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча сунуштары менен туура келген, илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык тармактарынын өнүгүүсүн эске алуу менен, 5 жылда 1 жолудан кем эмес жаңыртып турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялар иштелип чыгат;

- мониторинде, билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоо;

- сүйлөшүлгөн критерийлердин негизинде, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын, студенттердин билим жана жөндөмдүүлүк деңгээлдерин баалоо процедурасынын иштелмесин;

- окутуучулар курамынын компетенттүүлүгүн жана сапатын камсыз кылуусун;

- билим берүү программасын жетиштүү ресурстар менен, жана аларды колдонуунун эффективдүүлүгүн көзөмөлдөөнү камсыз кылуусун;

- башка билим берүү мекемелерине салыштыруу менен, өзүнүн ишмердүүлүгүн баалоо үчүн, туура келген критерийлер боюнча, өзүн текшерүүнү регулярдуу түрдө жүргүзүү;

- өзүнүн ишмердүүлүгүнүн, пландарынын, инновацияларынын натыйжалары жөнүндө коомчулуукка маалымдоо.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоого, кезектеги, аралык жана мамлекеттик жыйынтык аттестацияларды киргизүү керек. Билим берүү мекемеси тарабынан коюлган орто кесиптик билим берүү программасын ишке ашырган (окутуучулар кеңеши тарабынан бекитилген), баалоонун модулдук-рейтингалык системасынын негизинде, студенттин кезектеги аттестациясы окуу семестрдин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттердин кезектеги аттестациясы, билим берүү мекемеси тарабынан коюлган орто кесиптик билим берүү программасын ишке ашырган (окутуучулар кеңеши тарабынан бекитилген), баалоонун модулдук-рейтингалык системасынын негизинде, окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттердин аралык аттестациясы, ар семестрдин аягында жүргүзүлүү менен, семестрдин кезектеги аттестацияларынын жыйынтыгы боюнча, окуу тартиптеринин жыйынтык баалары (экзамендик баалары) коюлат.

Негизги кесиптик билим берүү программасынын талаптарына же алардын персоналдык этаптуу жетишкендиктерине туура келген студенттердин кезектеги, аралык аттестациялары жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтык аттестациялары үчүн, билимин, жөндөмдүүлүгүн жана алынган компетенциясынын деңгээлин баалаган типтүү тапшырмалары, текшерүү иштери, модулдук тесттер камтылган баалоо каражаттарынын базасы түзүлөт.

Баалоо каражаттарынын базасы, орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашырган билим берүү мекемеси тарабынан иштелип чыгып, бекитилет.

Мамлекеттик жыйынтык аттестациясы Кыргыз Республикасынын Минстрлер Кабинети тарабынан аныкталуу тартибинде жүргүзүлөт.

Бүтүрүүчүлөрдү даярдоо сапатын баалоо төмөнкүдөй формада коюлат:

- аттестация, зачет, текшерү сабагы, модуль, курстук иш, тематикалык лекция-концерт.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда, бүтүрүүчүлөрдүн жалпы компетенциясын калыптандырууда (мисалы, социалдык өз ич-ара ишмердүүлүктун компетенциясы, өзүн өзү уюштуруучулук жана өзүн өзү башкаруу, системалык-ишмердүүлүк мүнөздө), орто кесиптик билим берүүнүн программасын ишке ашырган билим берүү мекемесинин мүмкүнчүлүктөрү аныкталган. Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашырган билим берүү мекемесинин милдеттери:

- өзүнүн социомаданий чөйрөсүн түзүү;

- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү;

- окуу процессинин социалдык-тарбия берүү компетентинин өнүгүүсүн, аны менен бирге студенттердин өзүн өзү башкаруучулугун өнүктүрүү, студенттердин коомдук иштерге, спорттук жана чыгармачылык клубдарга, студенттик илимий коомуна катышуусун шыктандыруу.

20. Орто кесиптик билим берүүнүн, билим берүү программасын ишке ашырган билим берүү мекемесинин негизги кесиптик билим берүү программасы, студенттин тандап алуу окуу тартиптерин мазмундашы керек. Студенттин тандап алган предмети боюнча окуу тартибин түзүү, орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашырган билим берүү мекемесинин окутуучулар кеңеши тарабынан коюлат.

21. Орто кесиптик билим берүүнүн, билим берүү программасын ишке ашырган билим берүү мекемесинин милдеттери:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө реалдуу түрдө катышуусун камсыздоо;

- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө, студенттердин укугу жана алардын милдеттери менен тааныштыруу;

- студенттердин тандап алган окуу тартиптери, алар үчүн милдеттүү түрдө экендиги түшүндүрүү, ал эми, алардын эмгек көлөмүнүн саны окуу планынын көрсөтмөсүнөн кем болбошу керек.

22. Студент окуу тартиптери боюнча окуу убактысынын көлөмү чегинде, алдын ала каралган НКББП студенттин тандоосу боюнча окуу тартиптерин өздөштүрүүгө бөлүнгөн конкреттүү окуу тартибин тандап алуу укугуна ээ.

23. Студенттер орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашырган билим берүү мекемесинин НКББП каралган бардык тапшырмаларды бекитилген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

24. Негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө, жакшы натыйжаларга жетүү максатында, студенттер студенттик өзүн өзү башкаруу, коомдук мекемелердеги иштерге, спорттук жана чыгармачылык клубдарга, студенттердин илимий коомуна катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү жумасына 45 саат коюлган. Анын ичинде, негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча, аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу иштеринин бардык түрлөрү камтылган.

Окутуунун күндүзгү формасында жумасына өтүлгөн аудитордук сабактын көлөмү, Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде, адистиктин спецификасын эске алуу менен, ар бир окуу тартибин окуп-өздөштүрүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35 проценттен кем эмесин түзөт.

Окуу тартиптери боюнча өз алдынча иштерге бөлүнгөн сааттары, берилген окуу тартиби боюнча экзаменге (модулга) даярданууга да киргизилет.

26. Каникулдук убакыттын жалпы көлөмү, окуу жылы ичинде 10 жуманы түзүшү керек, анын ичинде кышкы мезгилдерде эки жумадан кем эмес убакыт камтылат.

## Глава 5. НКББП талаптары

27. 070109 – “Музыкалык эстрада искусствосу” (түрлөрү боюнча) адистигинин бүтүрүүчүсү “Артист, эстрадалык коллективдин жетекчиси” квалификациялары менен, өзүнө жөндөмдүүлүктөрдү камтыган, төмөндөгүдөй **жалпы компетенцияларга** ээ болушу керек:

- өздүк ишмердүүлүгүн уюштуруусу, кесиптик маселелерди аткаруунун методдорун жана ыкмаларын аныктоосу, алардын эффективдүүлүгүн жана сапатын баалоосу (ЖК1);

- стандарттык жана стандарттык эмес жагдайларда маселелерди чечүү, олуттуу кырдаалды баалоосу жана чечим кабыл алуусу, инициативаларды жана жоопкерчилигин көрсөтү (ЖК2);

- кесиптик маселелерди эффективдүү чечүү, кесиптик жана өздүк өнүгүүсү үчүн, керектүү интерпретацияны жана маалыматтарды колдонууну, изденүүнүлөрдү ишке ашыруу (ЖК3);

- использовать информациялык-коммуникациялык технологияларды кесиптик ишмердүүлүктө колдонуу (ЖК4);

- коллективде иштөөнү билүү, коллегалар, жетекчилер, клиенттер менен эффективдүү түрдө мамиле жүргүзүү (ЖК5);

- команданын мүчөлөрүнүн (кол алдындагы кызматчылардын) иштери боюнча жана аларды жумуш ордунда окутуу, тапшырмалардын аткаруу жыйынтыктары боюнча жоопкерчилик алуу (ЖК6);

- өзүнүн инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, эмгек шарттарынын жана кесиптик ишмердүүлүктөгү техногиялардын өзгөрүүлөрүнө көнүү (ЖК7);

- кичи коллективдер менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу. Жалпы компетенциялардын тизмеги адистиктин профилине туура келүүлөр менен толукталышы мүмкүн (ЖК8);

070109 – “Музыкалык эстрада искусствосу” (түрлөрү боюнча) адистигинин бүтүрүүчүсү “Артист, эстрада коллективинин жетекчиси” квалификациялары менен, өзүнө жөндөмдүүлүктөрдү камтыган, төмөндөгүдөй **кесиптик компетенцияларга** ээ болушу керек:

Музыкалык-аткаруучулук ишмердүүлүк.

- музыкалык чыгарманы бүтүндүүлүктө кабыл алуу жана аткаруу, өз алдынча, программалык талаптар менен туура келген, ар кандай классикалык чыгармаларды, заманбап жана эстрадалык-джаздык музыкалык адабияттарды өздөштүрүү жана аткаруу (КК 1).

- концерттик организациялар жана театрдык сахна шартында, ансамблдик, оркестрдик джаз коллективдерде музыкалык-аткаруучулукту ишке ашыруу (КК 2);

- джаздык аткаруучулук өзгөчөлүктөрүн жана джаздык импровизация каражаттарын жөндөй билүү менен демонстрациялоо (КК 3);

- үн жазуунун техникалык каржаттарын аткаруучулук ишмердүүлүктө колдонуу (КК 4).

- музыкалык чыгарманын теориялык жана аткаруучулук талдоолорун жүргүзүү, интерпретатордук чечимди издөө процессинде, базалык теориялык билимди колдонуу (КК 5).

- программанын талаптары менен туура келген, жекече, ансамблдик жана оркестрдик аткаруучулук репертуарын жөндөө (КК 6).

- музыкалык-аткаруучулук маселелерди чечүү үчүн, физиология, ырдоо үнүнүн гигиенасы боюнча базалык билимди колдонуу (КК 6).

- репетициялык жана концерттик иш-чараларын, ишмердүүлүктүн пландарын жана жыйынтыгын талдоо менен, репетициялык жана концерттик иштерин уюштуруу камтылган чыгармачыл коллективдин музыкалык жетекчилигинин милдетин аткаруу (КК 7).

- жазуу жана оозеки түрүндө сүйлөөнү, кесиптик терминологияны жөндөй билүү (КК 8).

28. Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик программасы өзүнө төмөндөгүдөй блокторду жана окуу циклдерин камтыйт:

блок 1 "Окуу тартиптер (модулдар)":

1) жалпы билим берүүнүн окуу тартиптери;

2) жалпы гуманитардык цикль;

3) математикалык жана табийгый-илмиий цикль;

4) кесиптик цикль;

5) дене тарбия;

блок 2 "Практика";

блок 3 "Мамлекеттик жыйынтык аттестация".

Орто кесиптик окуу жайы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптары менен туура келген негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана ошондой эле квалификациянын улуттук алкагы менен туура келген окутуунун натыйжалуу жетишүүсүнө жооп берет.

Квалификациялардын улуттук алкагында каралган окутуунун бирдиктүү натыйжалары түрүндө, аны өздөштүрүүнүн натыйжаларынын талаптарын эске алуу менен, блоктун көлөмү үчүн коюлган окуу тартиптерин (модулдарды) кабыл алуу жана алардын эмгек көлөмү, негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна караган, орто кесиптик окуу жайы өз алдынча аныктайт.

Негизги кесиптик билим берүү программасы, жалпы гуманитардык циклиндеги сөзсүз түрдө ишке ашырыла турган окуу тартиптерин камсыздоосу керек. Алардын тизмеги жана эмгек көлөмү, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим тармагындагы мамлекеттик органынын өкүлчүлүгү тарабынан аныкталат. Көрсөтүлгөн окуу тартиптерин ишке ашыруунун мазмуну жана тартиби, тийиштүү адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен коюлат.

Окуу тартиптеринен турган жалпы билим берүү циклдери, орто билим берүүнүн мамлекеттик компоненти ишке ашырат.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы, бул сунуш кылынган Макеттин структурасы менен туура келиши менен иштелип чыгат.

29. Ар бир окуу тартибинин цикли, базалык (сөзсүз түрдө) жана элективдик бөлүмгө ээ. Элективдик бөлүгү, окуу тартибинин базалык бөлүгүнүн мазмунун аныктаган, студенттин билиминин тереңдешин, жөндөмдүүлүгүн жана ыкмаларын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк бериши керек. Элективдик бөлүгү, кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу спецификасына жараша, орто кесиптик билим берүү окуу жайы тарабынан коюлат.

Элективдик бөлүмүнүн көлөмү, мамлекеттик аттестациянын көлөмүсүз негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50 процентинен көп эмес түзүлүшү керек.

Орто кесиптик окуу жайы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандарга (алардын арызы боюнча), алардын психологиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн жана керек болсо, анын өнүгүүсүнүн жана социалдык көндүмдөрүнүн коррекциясы менен камсыз кылып, негизги билим берүү программасы боюнча окууга мүмкүнчүлүк берүүсү керек.

Студенттердин тандап алуу боюнча окуу тартиптери, аспаптык аткаруучулук тармагы боюнча адистештирүү каралган, ошондой эле, негизги квалификацияны тереңдетүүгө багытталган, кесиптик кызыктар болгон тармактардагы окуу тартиптерин өзүнө камтыйт.

Окуу планынын сааттарынан тышкары, методикалык максаттуу түрдөгү терең ойлонгон принциптери жана музыкалык билим берүүдө калыптанган салттуулукту кабыл алуу менен, концертмейстерлик сааттар кошумча каралат. Концертмейстерлик сааттарды пландаштырууда:

- 070109.01 жана 070109.02 адистиктери үчүн, аткаруучулук даярдык, аралык жана жыйынтык аттестациялар, тандап алуу предметтери, жана керектүү учурда, ар бир концертмейстерге (иллюстраторго) факультативдик сааттар боюнча сабактарга бөлүнгөн педагогикалык сааттардын жалпы санынан 100% ашык эмес эсебин эске алуу керек;
- 070109.01 жана 070109.02 адистиктери үчүн, адистик классы, дирижерлукка, практикалык даярдыкка, аралык жана жыйынтык аттестациялар, тектеш аспаптарды өздөштүрүү, тандап алуу предметтери жана керектүү учурда, ар бир концертмейстерге (иллюстраторго) факультативдик сааттар боюнча сабактарга бөлүнгөн педагогикалык сааттардын жалпы санынан 100% ашык эмес эсебин эске алуу керек. Ошону менен бирге, концертмейстерлердин саны ар бир адистик боюнча 10 кишиден ашырылбашы керек.

НКББП ишке ашырууда, окуу планындагы кесиптик циклдин практиканын, ошондой эле мамлекеттик жана аралык аттестациялар боюнча, аудитордук сабактар аралык дисциплинардык курстарга жана концертмейстерлердин ишин, убакыттын санынан 100 процент эсеби боюнча пландоо керек.

Окуу тартиптер аралык курстары боюнча сабактар, милдеттүү жана вариативдүү бөлүмдөрдө кесиптик циклдери жана практикалары группалык, майда группалык жана жекече формаларда жүргүзүлөт:

- Жалпы билим берүү, жалпы гуманитардык, математикалык жана табийгый илимий циклдер боюнча группалык сабактар – 20 кишиден ашык эмес;
- «Музыкалые адабият» (музыкалык адабиятка киришүү, чет элдик, кыргыз, орус, советтик, 20-кылымдын музыкасы) 15 кишиден ашык эмес;
- Майда группалык сабактар 6дан 8кишиге чейин;
- Жекече сабактар – 1 кишиден.

Практика НКББП милдеттүү түрдөгү бөлүмү катары эсептелип, кесиптик циклдер менен өз ара байланышта болот.

Практика – келечек кесиби менен байланышкан, практикалык жөндөмдүүлүктөрдү жана компетенцияларын калыптандырууга, чыңдоого, өнүктүрүүгө багытталган, окуу ишмердүүлүгүнүн түрү. Кесиптик циклди ишке ашырууда практиканын төмөнкүдөй түрлөрү каралат: окуу практикасы, өндүрүштүк практикасы.

Программалардын максаттары жана отчетуулуктун формалары билим берүү мекемелериндеги ар бир практиканын түрү боюнча аныкталат.

Окуу практикасы бүтүндөй окуу мөөнөтү боюнча, окуу курстарын толуктап турган аудитордук жана окуу тартиптер аралык кесиптик модулдар формасында жүргүзүлөт.

Өндүрүштүк практика өзүнө, концерттик-агартуучулук практикасын камтыйт:

- акартуучулук концентрирленген жана (же) бүтүндөй окуу мөөнөтү ичинде топ-тобу менен жайгаштыруу иретинде жүргүзүлөт жана ошону менен бирге, окуучунун концерттик аткаруучулукка даярдыгы боюнча оз алдынча иш катары болуп эсептелет.

Факультативдик курстар билим берүү мекемесинин окуу планында каралып (жумасын 4 сааттан ашык эмес), студенттер үчүн окуу милдеттүү түрдө болуп эсептелбейт

30. 070109 – «Музыкалык эстрада искусствосу» (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу, базалык билимге, окутулуучу окуу тартиптери боюнча тийиштүү профилине ээ болгон, жана системалык түрдө илим жана (же) илимий-методикалык иштерин жүргүзгөн, педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек.

Кесиптик цикл боюнча окутуучулар тийиштүү адистиктеги же даярдоо багытындагы жогорку кесиптик билимге ээ болушу керек (авиациялык адистиктен тышкаркы). Тийиштүү кесиптик тармактардагы мекемелерде ишмердүүлүк тажрыйба, кесиптик циклдеги студенттердин өздөштүрүүлөрүнө жооп берген окутуучулар үчүн сөзсүз түрдө эсептелет. Бул окутуучулар профилдик мекемелерде 5 жылда 1 жолудан стажировкадан өтүүсү керек. Кесиптик циклдин окутуучуларынын сапаттык түзүлүшүн баалоодо, 10 жылдан ашык иш тажрыйбасы эске алынат.

31. Негизги кесиптик билим берүү программаларынын окуу тартиптеринин толук тизмектерин калыптандырган, 070109 – “Музыкалык эстрада искусствосу” (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда, ар бир студент базалык жана китепкана фонддору менен камсыздануугa укугу бар. Орто кесиптик билим берүүнүн программасын ишке ашырган билим берүү мекемесинин билим берүү программасы, лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды киргизет (калыптандырылуучу компетенцияларды эске алуу менен аныкталат).

Негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн, студенттердин окуу адабияттары менен жана/же электрондук адабияттар менен камсыз кылынышы, бир студентке нормативге туура келген – 0,5 экземпляр болушу керек. Окуу маалыматтарынын булактары заманбап талаптарга жооп бериши талаптуу. Билим берүү процессинде, закон чыгаруучу актылар, нормативдүү документтер, кесиптик-ориентацияланган мезгил-мезгили менен чыккан басылмалар колдонушу керек.

32. 070109 – «Музыкалык эстрада искусствосу» (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча, орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырган билим берүү уюму лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык окутуунун бардык түрлөрүн камсыз кылуучу материалдык-техникалык базага ээ болууга тийиш, окуу планында каралган студенттерди практикалык жактан даярдоо, орто билим берүү программаларын ишке ашыруу билим берүү уюмунун окуу планында кесиптик билим берүү, санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана нормаларга:

-окутуу класстары;

-топтук сабактар үчүн;

-жеке музыкалык сабактар үчүн;

-Залдар:

-Чон концерттик зал;

-чакан концерттик зал;

-репетиция аудиториялары;

-бий залы;

-спорттук зал/аянтча;

-окуу залы бар китепкана;

-интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар компьютердик класс;

Адистештирилген бөлмөлөрдүн минималдуу зарыл тизмеси жана материалдык-техникалык колдоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

-музыкалык аспаптар;

-үн жаздыруучу жана үндү кайра чыгаруучу жабдуулар(кенсенин же үн жаздыруучу студиянын болушу сунушталат);

-гардероб;

-медициналык кабинет;

Билим берүү уюмунда концерттик залдарды, музыкалык аспаптарды жана окуу кабинеттерин тейлоо,ондоо шарттары түзүлүшү керек.

Билим берүү мекемесинде роял, пианино, соло, ритм, бас-гитара, саксафон, урма аспаптар жана тектеш аспаптар (бончи, там-там, маракас, үн күчөтүүчү аппаратурасы, синтезатор, клавиша) болушу талаптуу.

Билим берүү мекемеси, билим берүү программасы боюнча окуучулардан түзүлгөн окутуучулук оркестрлеринин (джаз оркестри жана ансамбли) базасында, адисттерди даярдоону камсыз кылышы керек.

33. Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө талаптар, орто кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияларын өткөрүү тартиптери Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан аныкталган.

Мамлекеттик (жыйынтык) аттестациясына: негизги жана адистик предметтер: «Кыргызстандын тарыхы», «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын географиясы», «Адистик» (эстрадалык ырдоо/аспаптар) жана «Ансамблдик аткаруучулук» боюнча мамлекеттик экзамен кирет.

**070109 – «Музыкалык эстрадалык искусствосу» (түрлөрү боюнча) адистиги боюнча, орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын**

**ТҮЗҮЛҮШҮ**

| № | ОКУУ ЦИКЛДЕРИ ЖАНА АЛАРДЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ПРОЕКТИРЛЕНҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ | Орто жалпы билим берүү базасында ар кандай окутуу мөөнөтүндөгү эмгек көлөмү, кредиттери (зачеттук бирдиктер) | Окуу китептеринин жана окуу куралдарынын болжолдуу программалырын иштеп чыгуу үчүн, окуу тартибинин тизмеги | Калыптандыруучу компетенциялардын коддору |
|---|---|---|---|---|
| **1.** | **Жалпы билим берүүнүн окуу тартиптери (Ортто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик компотенти)** | **55** | | |
| | **Окуу тартибинин базалык бөлүгү** | **44** | | |
| | Өздөштүрө билүү: окууга, жазууга жана котормого керектелүүчү лексикалык (1200 – 1400 лексикалык бирдик) жана грамматикалык минимум.<br>Кыргыздардын жана башка элдердин тилинин, тарыхынын жана маданиятынын байланыштары жөнүндө.<br>Түшүнүктөрдүн мааниси: тил жагдайы, адабияттык тил, сүйлөө маданиятынын нормасы.<br>Жөндөй билүү: сүйлөө көзөмөлүн ишке ашыруу; кесиптик жана күндөлүк темалар боюнча кыргыз тилинде оозеки жана жазуу түрүндө баарлашуу; жазууну жана оозеки сүйлөөнү өз алдынча өркүндөтүү, сөздүк запасын толтуруу.<br>Ар кандай булактардан керектүү маалыматтарды алуу: адабий билдирүүлөрдөн, массалык маалымат каражаттарынан.<br>Сүйлөөнүн баарлашуу тажрыйбасында, заманбап адабияттык тилдин негизги лексикалык, сабаттык номаларын колдонуу.<br>Жалпы билим берүү жана кесиптик ишмердүүлүк маселелерин чечүү процессинде алынган билимди | | НББОТ<br><br>Кыргыз тил | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | колдонуу.<br>Билим берүү жана кесиптик багыттагы текстерди сөздүк аркылуу которуу. | | | |
| | Өздөштүрө билүү: ата-мекендик классиктердин адабияттарын жана окуп-өздөштүрүлгөн адабий чыгармалардын мазмунун. XX – XXI кылымдардагы жазуучулардын жана акындардын өмүрү жана чыгармачылыктарынын негизги фактыларын.<br>Жөндөй билүү: адабий чыгарманын мазмунун элестетүү менен көз алдыга келтирүү. Адабияттын тарыхы жана теориясы боюнча маалыматтарды колдонуу менен, көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүү (тематикасы, нравалык пафосу, образдар системасы ж. б.). Көркөм адабиятты коомдук жашоо жана маданият менен өз ара катнашын, өздөштүрүлгөн чыгарманын тарыхый жана жалпы адамзаттык мазмунун ачуу.<br>Өздөштүрүлгөн чыгармаларды (же алардын фрагменттерин) адабий тилдин нормаларын сактоо менен көркөм окуу. Окуп-өздөштүрүлгөн чыгармага болгон мамилени аргументтештирүү. | | НББОТ<br><br>Кыргыз адабияты | |
| | Өздөштүрө билүү: орус жана башка элдердин тилинин, тарыхынын жана маданиятынын байланыштарын. Түшүнүктөрдүн мааниси: тил жагдайы, адабияттык тил, сүйлөө адебинин нормалары, социалдык-маданий, оку-усулдук, официалдуу-ишкер жагдайында баарлашуу.<br>Жөндөй билүү: алдыга коюлган максаттарга жетишүүнүн эффективдүүлүгүн, тилдин жабдылышы жагынан оозеки жана жазуу боюнча билдирүүлөрдү баалоо. Тилдин ар кандай түрлөрү жана стилдери боюнча текстерди лингвистикалык жактан талдоону.<br>Окуунун негизги түрлөрүн (тааныштырып-өздөштүрүү, таанышытыруу-рефератившдик) колдонууну.<br>Ар кандай булактардан керектүү | | НББОТ<br><br>Орус тил | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | маалыматтарды алуу: адабий билдирүүлөрдөн, массалык маалымат каражаттарынан.<br>Орус адабий тилиндеги сүйлөө баарлашуу тажрыйбасында негизги орфографиялык, лексикалык, сабаттык нормаларын колдонуу. Орус адабий тилинин тажрыйбасында орфрграфиялык жазууларды жана пунктуациялык нормаларын сактоо.<br>Практикалык ишмердүүлүктө жана күндөлук жашоодо алынган билимди жана жөндөмдүүлүктү колдонуу үчүн:<br>- орус тилин элдин нравалык жана маданий баалуулугу катары баамдоо;<br>- өз алдынча ишмердүүлүктө чыгармачыл жөндөмдүүлүктү жана чеберчиликти өнүктүрүү.<br>Маданий аралык катнашуу, өз алдынча билим алуу жана мамлекеттин өндүрүштүк, маданий жана коомдук жашоосуна катышуу | | | |
| | Өздөштүрө билүү: искусствонун негизги түрлөрүн жана жанрларын. Дүйнөлүк көркөм маданияттын багытын жана стилин окуп-билүү.<br>искусствонун ар кандай түрлөрүнүн тил өзгөчөлүктөрүн.<br>Жөндөй билүү: окуп-өздөштүрүлгөн чыгармаларды билүү жана алардын белгилүү бир доору, стили менен салыштырууну;<br>Искусствонун ар түрдөгү чыгармаларынын ортосундагы стилдик жана сюжеттик байланыштарды коюуну;<br>Дүйнөлүк көркөм маданият жөнүндө ар кандай булактардагы маалыматтарды колдонууну;<br>Окуу жана чыгармачылык иштерди (докладдар, билдирүүлөр) аткаруу;<br>Кундөлүк жашоодо жана практикалык ишмердүүлүктөгү алынган билим жана жөндөмдүүлүктөрдү: өзүнүн маданий өнүгүүсүнүн жолун табуу, классикалык жана заманбап искусство чыгармалары боюнча өзүнүн оюн билдирүү, оз алдынча көркөм чыгармачылыгын өнүктүрүүнү колдонуу. | | НББОТ<br><br>Дүйнөлүк адабият | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Өздөштүрө билүү: окуп-өздөштүрүлгөн лексикалык сөздөрдү, сөздөрдүн айкалыштарын негизги мааниси: чет тилде сөз түзүүнүн ыкмаларын.<br>Өздөштүрүлүүчү чет тилинин жөнөкөй жана таатал сүйлөмдорүнүн ар кандай коммуникативдик типтеринин структуралык жана интонациялык өзгөчөлүктөрүн.<br>Чет тилдеги өздөштүрүлгөн грамматикалык корүнүштөрүнүн белгилерин. Бүгүнкү күндө, тилди өздөштүрүүчу өлкөлөрдүн жашоо-тиричилигинин, маданиятынын өзгөчөлүгүн, чет тилди билүүсүнүн ролу жөнүндө.<br>Жөндөй билүү: окуп-өздөштүрүлгөн тематикага жана лексикалык-грамматикалык материалдарга таянуу менен, сүйлөө этикетинин нормаларын сактоо менен, баарлашуунун стандарттык кырдаалдарында чет тилде баарлашууну жүргүзүү;<br>Өзү, үй-бүлөсү, достору, өзүнүн келечекке богон кызыктары жана пландары жөнүндө айтып берүү жана өзүнүн өлкөсү жана өздөштүрүлүүчү өлкөнүн тили жөнүндө баарлашуу;<br>Окугандары же уккандары жөнүндө негизги ой толгоолорун, көрүнүштөр жана кубулуштар жөнүндө кыскача билдирүү жасоо;<br>Чет тилдеги анча татаал эмес текстин негизги мазмунун түшүнүү;<br>Чет тилдеги текстерди керектүү жана кызыктар болгон маалыматтарына жараша окуй билүү;<br>Чет тилде оозеки жана жазуу түрүндө баарлашуу процессинде, тил болжолдорун, эки тилдеги өздүктөрүн колдонуу. | | НББОТ<br><br>Чет тил | |
| | Өздөштүрө билүү: кыргыздардын өз ара келишпестик чыр-чатактарыдн мааниси жана себептери жана алардын кыргыз элинин өнүгүүсүнө тийгинген таасири. Кыргыздардын Орусияга кошулуусунун себептери.<br>Кыргыз Республикасынын Советтик мезгилинде өнүгүүсү. XX жана XXI кылымдардагы түйүндүү тарыхый окуялардын негизги өнүгүү | | НББОТ<br><br>Кыргызстан-дын тарыхы | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | багыттары.<br>Бүгүнкү күндөгү Кыргызстандагы жана дүйнөлүк кооомчулутагы экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү.<br>XX кылымдын аягындагы XXI кылымдын башындагы локалдык, региондук, мамлекеттер аралык келишпестиктердин мааниси жана себебтери. Саясаттык жана экономикалык өнүгүүнүн негизги процесстери (интеграциялык, полимаданияттык, миграциялык ж. б.) жана алардын ишмердүүлүктөрүнүн негизги багыттары. Илимдин, маданияттын жана религиянын, улуттук салттуулуктарын жана мамлекеттик бекемдүүлүгүн сактоодогу ролу жөнүндө. Кыргызстандын эгемендүүлүгү. Маанилүү укуктук жана мыйзам чыгаруучулук актылардын мазмунунун жана милдетинин дүйнөлүк жана региондук мааниси.<br>Жөндөй билүү: ата-мекендик, регионалдык, дүйнөлүк социалдык-экономикалык, сасаттык жана маданияттык маселелеринин бири-бири менен байланышын ачып берүү.<br>Билим берүү жана кесиптик ишмердүүлүк маселелерин чечүү процессинде, алынган билимди колдонуу. | | | |
| | Өздөштүрө билүү: XIX, XX жана XXI кылымдардагы дүйнө региондорунун өнүгүүсүнүн негизги багыттары. XX кылымдын аягындагы XXI кылымдын башындагы локалдык, региондук, мамлекеттер аралык келишпестиктердин мааниси жана себептери. Дүйнөдөгү алдыңкы мамлекеттердин жана региондордун саясий жана экономикалык өнүгүүсүнүн негизги процесстери (интеграциялык, миграциялык ж. б.) Назначение ООН, НАТО, ЕС ж. б. уюмдардын милдеттери жана алардын ишмердүүлүктөрүнүн негизги багыттары. Мамлекттик салттулукту, улуттук бекемдүүлүктү сактоодо, илимдин, маданияттын жана религиянын ролу жөнүндө. Эгемендүү | | НББОТ<br><br>Дүйнө тарыхы | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | мамлекеттин Эл аралык абалы.<br>Жөндөй билүү: адамзаттын өнүгүү жолунун баалуулугун универсалдуулуктун, жалпы кайталангыстыктын биримдиги катары түшүнүү.<br>Кыргызстанда жана дүйнөдө бүгүнкү экономикалык, саясий жана маданий кырдаалдарга ориентир жасоо.<br>Ата-мекендик, регионалдык, дүйнөлүк социалдык-экономикалык, саясий жана маданий маселелеринин өз ара байланыштарын ачып берүү. | | | |
| | Өздөштүрө билүү: адамдын социалдык өзгөчөлүгүн; анын башка адамдар менен болгон иш-аракеттерин; адамдардын биргеликтеги ишмердүүлүк формалары катары, коомчулуктун мааниси; коомчулуктун жашоосунун негизги тармагынын белгилери жана мүнөздүү черталары; коммчулук мамилелер регулировкалаган социалдык нормалардын мазмуну жана мааниси.<br>Жөндөй билүү: негизги социалдык объектилерди жазып берүү, алардын өзгөчө белгилерин корсотүү; адам социалдык-ишмердүүлүктөгү тирүү жан; негизги социалдык ролу; социалдык объектилерди салыштыруу, коом жана адам жөнүндө талкуулоо, алардын жалпылыгы жана мүнөздөрүнүн айырмалчылыгы; өздөштүрүлгөн социалдык объектилердин бири-бири менен байланыштарын (коом жана табият, адам жана коом, коммдук жашоо чөйрөсү, жаран жана мамлекетти кошо) түшүндүрүү; социалдык ар кандай түрдөгү нормалары менен регулировкалануучу белгилүү типтеги социалдык объектилерди, социалдык мамилелерди, кырдаалдарды, ар кандай тармактардагы адамдардын ишмердүүлүтөрүн мисал келтирүү; экономикалык рационалдуулукка, социалдык нормаларга болгон көз караштагы адамдардын мамилелерин баалоо; өздөштүрүлгөн материалдардын алкагында, адамдын ишмердүүлүгүндөгү ар кандай | | НББОТ<br><br>Адам жана коом | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кырдаалдарды чаыглдырган, таанып билүүчүлүк жана практикалык маселелерди чечүү; берилген тема боюнча ар кандай булактардан (массалык-маалымат каражаттарынын, окуу китептеринин текстери, ж. б. адаптацияланган булактардан) социалдык маалыматтарды издөөнү ишке ашыруу, социалдык маалыматтарда фактыларды жана пикирлерди айырмалоо; өз алдынча укуктук документтердин (арыз, ишеним кат ж. б.) жөнөкөй түрлөрүн түзүү; коомдук актуалдуу окуяларында жана процесстерде ориентир жасоо, адамдардын конкреттүү иштерине нравалык жана укуктук бааларды берүү, адамдын жана жарандын укугун коргоону ишке ашыруу, граждандык милдеттерди акыл- эстүүлүк менен аткаруу, социалдык маалыматтарды талдоо жана колдонуу, коомчулукка каршы акыл-эстүүлүк менен жасалган мамилелер үчүн, күнүмдүк жашоодогу жана практикалык ишмердүүлүктө алынган билимди жанажөндөмдүүлүктү колдонуу. | | | |
| | <u>Өздөштүрө билүү:</u> курстун тематикалык материалы – жаратуунун, редактирлөөнүн, жабдуунун, сактоонун, заманбап малыматтык жана коммуникативдик технологиялык программалык каражаттардын жардамы менен, ар кандай типтеги маалыматтык процесстерин берүүнүн негизги технологиялары; реалдуу объектилерди жана процесстерди мүнөздөгөн маалымат моделдеринин багыты жана түрлөрү; операциялык системалардын багыттары жана функциялары.<br><u>Жөндөй билүү</u>: иррационалдык, логарифмалык жана тригонометриялык түшүндүрмөлөрдү так өзүндөй кылып кайрадан өзгөртүүнү жүргүзүү;<br>Иррационалдык, логарифмалык жана тригонометриялык теңдешүүлөрдү жана теңсиздиктерди чечүү;<br>Окуп-өздөштүрүлгөн методдорду колдону менен, элементардык | | НББОТ<br><br>Информатика | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | функциянын графикасын түзүү жана графиктерди кайра өзгөртүү;<br>Маселелрди чечүүгө геометриянын негизги методдорун (проектирлөө, кайра өзгөртүү, вектордук, координаттык) колдонуу;<br>Базалык маалыматтарда, жазылмаларды сактоо, карап чыгуу, редактирлөө, түзүү, колдонуучунун суроосу боюнча керектүү маалыматтарды алуу; | | | |
| | <u>Өздөштүрө билүү:</u> түшүнүктөр – астероид, астрология, астрономия, атмосфера, асман телосунун чыгышы, асман телолорунун айланышы, аалам, дүрт этип күйүү, Галактика, горизонт, гранулдар, тутулуу, жылдыздар түрү, календарь, космогония, космос, планета шакеги, кометалар, основные точкалар, асман сферасынын сызыктары жана тегиздиги, магниттик буря, Метагалактика, метеор, метеорит, метеордук тело, жаан, агым, Саманчы Жолу, асман телосундагы көрүнгөн жана реалдуу кыймылдар жана алардын системасы, обсерватория, орбита, планета, полярдык жаркыроо, топ жылдыз жана алардын классификациясы, күн таажысы, күндүн турушу, Күн системасынын түзүлүшү, тумандуулук, Айдын абалы, хромосфера, кара тешик, Эволюция, эклиптика, ядро, белгилүү физикалык көлөм – астрономиялык бирдик, асман телосунун курагы, планеталардын жана жылдыздардын физикалык мүнөздөмөсү, жылдыздардын көлөмү, асман телосунун радиусу, космостук аралыктар, кысылган планеталар, Күн системасынын жаркыраган телолорунун спектри.<br><u>Жөндөй билүү</u>: асман телосунун жайланыш координаты үчүн, жылдыздуу асмандын картасын колдонуу; Эл аралык системанын ченемдеринин жана эсептеринин натыйжаларын билдирүү; асман телолорунун жана алардын системалары жөнүндө астрономиялык билимди колдонуунун практикалык мисалдарын келтирүү; окуп- | | НББОТ<br><br>Астрономия | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | өздөштүрүлгөн астрономиялык мыйзамдарды колдонууга маселелерди чечүү; ар кандай булактарды колдонуу менен, табийгый илимий издөөлөрдү өз алдынча ишке ашыруу. | | | |
| | Өздөштүрө билүү: негизги түшүнүктөр – физическалык кубулуш, гипотеза, мыйзам, теория, зат, өз ара иш-аракет, электромагниттик талаа, толкун, фотон, атом, атомдук ядро, иондоштурулган шоолалануу, планета, жылдыз, галактика, Аалам; Физикалык көлөм –ылдамдык, ылдамдоо, масса, күч, импульс, иш, механикалык энергия, ички энергия, абсолюттук температура, заттын орто кинетикалык энергиясы, жылууулуктун саны, элементардык электр заряды; классикалык механиканын физикалык закону, бүткүл дүйнөлүк тартылуу, энергияны, термодинамиканы, электромагниттик индукцияны, фотоэффектти импулсту жана электр зарядын сактоо.<br>Жөндөй билүү: дүйнө жана дүйнөнүн табигый-илимий заманбап сүрөттөмөсүн түзүүдө, физиканын жана дүйнө жөнүндө көрсөтүүнү калыптандыруу; айлананы курчап турган чөйрөнүн чындыгын түшүндүрүү объектилери жана процесстери – табийгый, социалдык, маданий, техникалык чөйрөнү, бул үчүн физикалык билимди колдонуу; физикалык өзгөчөлүктөр, айлананы курчаган дүйнө, физикалык негизги мыйзамдар жана аларды практикалык жашоодо колдонуунун ыкмалары жөнүндө алынган билим маалыматтарын талдоо жана иштеп чыгуу боюнча өз алдынча изденүүнү ишке ашыруу; | | НББОТ<br><br>Физика | |
| | Өздөштүрө билүү: химиялык маанилүү түшүнүктөр – зат, химиялык элемент, атом, молекула, атомдук салыштырмалуу жана молекулярдык массалар, ион, аллотропия, изотоптор, химиялык байланыш, электрдик карама-каршылык, валенттүүлүк, кычкылдануу даражасы, моль, молярдык масса, молярдык көлөм, молекулярдык жана молекулярдык | | НББОТ<br><br>Химия | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
